**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ Б-214 «25» 05 2021

Сизд.чыг. (На) №__________ «____» _________20___

Нарын обласы,
Ат-Башы району,
Чеч-Дөбө көчөсү № 85а
тел: 0507 22-04-53
**Б. Байтемировго**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) Сиздин 2021-жылдын 29-апрелиндеги кайрылууңузду карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык:

*«Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.».*

Жогоруда аталган Мыйзамдын 42-беренесинин 5, 6-бөлүктөрүнө ылайык, *«Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.*

*Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.».*

Жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык арыздарды (даттанууларды) берүүнүн мөөнөттөрү калыбына келтирүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөрү аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт.

Ошол себептен Борбордук шайлоо комиссиясы Сиздин арызыңызды (даттанууңузду) кабыл алуу мөөнөтү өтүп кеткендигин билдирет.

Ошону менен бирге белгилей кетчу нерсе, 2021-жылдын 26-апрелинде Борбордук шайлоо комиссиясынын №137-токтому менен Нарын облусунун

Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 16-апрелиндеги Ат-Башы айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо натыйжалары жөнүндө протоколдору бекитилген.

**БШКнын мүчөсү,**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

*аткаруучу: укуктук камсыз кылуу бөлүмү*
*тел: 62-01-84*